| | |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасы**<br>**Жалал-Абад облусу**<br>**Токтогул району**<br>**Толук айыл аймагы**<br>**Э.Аралбаев атындагы**<br>**айылдык кенеши** | **Кыргызская Республика**<br>**Жалал-Абадская область**<br>**Токтогулский район**<br>**Толукский айылный аймак**<br>**Айылный кенеш имени**<br>**Э.Аралбаева** |

**Э. Аралбаев атындагы айылдык Кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XVII- сессиясынын № 1 токтому**

16.02.2024-жыл Толук айылы

**“Толук айыл аймагында органикалык аймактарды түзүү тартиби жөнүндө”**

Толук айыл аймагында органикалык аймактарды түзүү тартибине байланыштуу Э. Аралбаев атындагы айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезексиз XVI- сессиясы

**Токтом кылат**

1. Толук айыл аймагында 15.02.2024-жылдагы №1 элдик жыйындын протоколуна ылайык айыл чарба продукцияларын органикалык өндүрүштүн талаптарына ылайык өндүрүүнү жана табиятты сактоону көздөгөн айыл чарба продукцияларын өндүрүүчүлөрдүн демилгесинин негизинде “Органикалык аймакты түзүү” демилгеси ишке ашырылсын
2. Толук айыл аймагын органикалык аймак деп таануу жана статус берүү жагы Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу айыл чарба департаментинен суралсын.
3. “Органикалык аймакты түзүү” документ иштерин бүтүрүү жагы айыл өкмөт башчы К.Н.Аттокуровго жүктөлсүн.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык Кеңештин туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
5. Бул токтом мамлекеттик тилде кабыл алынды.
6. Токтомду мыйзамда каралган тартипте каттоого алуу жана www.toluk-ao.gov.kg веб сайтына жайгаштыруу жооптуу катчы Г.Тууганбаевага тапшырылсын.
7. Бул токтом www.toluk-ao.gov.kg сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

Кеңештин төрагасы А.Курманбеков.

| Кыргыз Республикасы<br>Жалал-Абад облусу<br>Токтогул району<br>Толук айыл аймагы<br>Э.Аралбаев атындагы<br>айылдык кеңеши | | Кыргызская Республика<br>Жалал-Абадская область<br>Токтогулский район<br>Толукский айылный аймак<br>Айылный кенеш имени<br>Э.Аралбаева |
|---|---|---|

**Э. Аралбаев атындагы айылдык Кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVI- сессиясынын № 4 токтому**

01.02.2024-жыл Толук айылы

**“Толук айыл өкмөтүнүн балансында турган 1411 DA мамлекеттик номерлүү ВАЗ 21074 маркасындагы жигули авто машинасын баланстан чыгыштоо жөнүндө”**

Толук айыл өкмөтүнүн балансында турган 1411 DA мамлекеттик номерлүү, ВАЗ 21074 маркасындагы жигули авто машинасы колдонууга мүмкүн болбой толук жарактан чыккандыгына байланыштуу Э. Аралбаев атындагы айылдык Кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVI- сессиясы

**Токтом кылат**

1. Толук айыл өкмөтүнүн балансында турган 1411 DA мамлекеттик номерлүү ВАЗ 21074 маркасындагы жигули авто машинасы колдонууга мүмкүн болбой толук жарактан чыккандыгына байланыштуу Толук айыл өкмөтүнүн балансынан чыгышталсын.
2. Автомашинаны чыгыштоо үчүн документ иштерин бүтүрүү, чыгыштоо жагы айыл өкмөт башчы К.Н.Аттокуровго жүктөлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык Кеңештин туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
4. Бул токтом мамлекеттик тилде кабыл алынды.
5. Токтомду мыйзамда каралган тартипте каттоого алуу жана www.toluk-ao.gov.kg веб сайтына жайгаштыруу жоопту катчы Г.Тууганбаевага тапшырылсын.
6. Бул токтом www.toluk-ao.gov.kg сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

Кеңештин төрагасы: А.Курманбеков.